*Токтомамбетова К.К.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРГА КАРАТА АТА-ЭНЕЛЕРДИН УКУГУ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

*Токтомамбетова К.К.*

# О ПРАВАХ И ОБЯЗАННОСТЯХ РОДИТЕЛЕЙ В ОТНОШЕНИИ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ ДЕТЕЙ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*K.K. Toktomambetova*

# ABOUT RIGHTS AND RESPONSIBILITIES OF PARENTS RELATING TO MINOR CHILDREN IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 347.6.91/9 (575.2)*

*Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында ата-энелердин көпчүлүк укуктары алардын милдеттери болуп саналат. Жашы жете элек балдарга карата ата-энелердин укук жана милдеттери Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси аркылуу аныкталган. Ата-энелердин мыйзамдарда каралган укуктары жана милдеттери балдарынын жашы он сегизге толгондо жана жашы жете электер никеге турганда, ошондой эле мыйзамдарда аныкталгандай балдар толук аракет жөндөмдүүлүккө ээ болуу учурларында токтотулат. Мындай учурлар катары, мисалы Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 62-беренесинде каралган эмансипация эсептелет. Ата-энелердин көпчүлүк укуктары бир эле учурда алардын милдеттери катары болуп калуусу мыйзам тарабынан жөнгө салуунун өзгөчөлүгү болуп саналат. Аталган нюанс бир тарабынан ата-энелер өз балдары үчүн жооптуу экендигин белгилесе, экинчи тарабынан башка бирөө эмес, дал өздөрү гана балдары менен сүйлөшө аларына, аларды тарбиялоо укугуна ээ экендигине кепил болот. Ошону менен бирге эле, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 66-беренесине ылайык ата-энелер балдарга карата бирдей укукка ээ жана бирдей милдеттерди аткарышат.*

***Негизги сөздөр:** эмансипация, ата-энелердин укуктары, ата-энелердин милдеттери, жоопкер, доогер, балдар, укук.*

*Права и обязанности родителей по отношению к несовершеннолетним детям определяются Семейным кодексом Кыргызской Республики. Родительские права, предусмотренные законом прекращаются, когда дети достигают восемнадцатилетнего возраста (совершеннолетия), а также при вступлении несовершеннолетних детей в брак и в других случаях, установленных законом. Особенностью законодательного регулирования является то, что большинство прав родителей одновременно являются их обязанностью. Этот нюанс, с одной стороны, подчеркивает ответственность родителей за своих детей, а с другой стороны гарантирует им, что они, а не кто-то другой, имеют право общаться, растить и воспитывать своих детей. Причем в соответствии со статьей 66 Семейного кодекса Кыргызской Республики родители имеют равные права и несут равные обязанности по отношению к своим детям.*

***Ключевые слова**: эмансипация, права родителей, обязанности родителей, истец, ответчик, дети, право.*

*Most of the rights of parents are also their responsibility in the legislation of the Kyrgyz Republic. Underage children of parental rights and responsibilities defined by the Family Code. The rights provided by law, the children of parents reached eighteen years of age and minors, as well as marriage terminated in the case of children as defined in the legislation to the full capacity. In such cases, such as is provided for in Article 62 of the Code of Civil Emancipation. The majority of the parents at the same time as their responsibilities are governed by the law of a wakeup feature. By the issue of parental responsibility for the children, and on the other by someone else fix that, not only has the right to be able to negotiate with their children and their upbringing can guarantee that. At the same time, in accordance with Article 66 of the Family Code, parents have equal rights and equal obligations towards children.*

***Key words:** emancipation, rights of parents, duties of parents, plaintiff, defendant, children, law.*

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 68-беренесине ылайык ата-энелер өз балдарын тарбиялоого укуктуу жана милдеттүү, алардын тарбиясына жана өнүгүүсүнө милдеткер болушат, демек балдарынын ден-соолугуна, физикалык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө кам көрүүгө милдеттүү болушат. Балдарды тарбиялоодо башка туугандарга (чоң ата, чоң эне, ага-ини, эже-карындаш ж.б.) караганда ата-энелердин дал өздөрү артыкчылык укукка ээ, бирок, КР Үй-бүлө кодексинин 72-беренесине ылайык үй-бүлө перзенти менен башка жакын туугандардын сүйлөшүүсүнө тоскоол болууга жана тыюу салууга ата-энелердин укугу жок. Балдардын жалпы негизги билимге ээ болуусун камсыздоо ата-энелердин милдети. Жалпы негизги билимге ээ болууга чейин балдарды окутуунун формасын жана билим берүү мекемесин тандоо ата-энелердин укугуна кирет, бирок балдардын пикирин эске алуусу абзел [1].

КР Үй-бүлө кодексинин 69-беренесине ылайык, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо дагы ата-энелердин милдети болуп саналат. Ата-энелер өз балдарынын мыйзамдуу өкүлдөрү болуп эсептелет жана бардык физикалык жана юридикалык тараптар менен болгон мамиледе, анын ичинде сот-тордо, эч кандай ишеним катсыз же атайын ыйгарым укуксуз эле өз балдарынын укук жана кызыкчылык-тарын коргой алышат. Бирок, камкордук жана көзөмөл кылуу органы тарабынан ата-эне менен баланын ортосунда пикир келишпестик бар деген тыянак чыгарылса, анда ата-эне өз баласынын кызыкчылыгын коргоо укугуна ээ боло албайт. Мындай пикир келишпестиктер бар учурда, камкордук жана көзөмөл кылуу органы балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоп берүүчү өкүлдү дайындап берүүгө милдеттүү.

КР Үй-бүлө кодесинде бир нече ирет баса белгиленип кеткендей, перзенттин укугу эң башкы болуп саналат. Ата-энелик укукту ишке ашыруу жана тарбия берүүнүн жалпы процесси перзенттин кызыкчылыктарына тап-такыр каршы келбөөсү зарыл. Ата-эненин кам көрүүсүнүн негизги предмети болуп баланын кызыкчылыктарын камсыздоого багытталуусу абзел. Ошол эле учурда, ата-энелик укуктарды ишке ашыруу процессинде баланын физикалык жана психикалык ден-соолугуна, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүгө тыюу салынат. Балдарды тарбиялоо ыкмаларында адамдын бедел-баркын тебелей турган, залал келтирүүчү, орой мамилелерге, балдарды ызаалантчуу жана эксплуатациялоого алып келүүчү ыкмаларга орун жок болуусу тийиш [2].

Өздөрүнүн укуктарын балдарынын укук жана кызыкчылыктарына каршы, зыян келтирүү менен катар ишке ашыруучу ата-энелер мыйзамдарда каралган – аныкталган жоопкерчиликти тартат. Балдарга тарбия берүү жана билим берүү боюнча бардык маселелер ата-энелердин өз ара макулдашуусу, балдардын кызыкчылыктарын, пикирлерин эске алуу аркылуу чечилет. Ата-энелер, же алардын бирөөсү, пикир келишпестиктер пайда болгон учурда, камкордук жана көзөмөл кылуу органына же сотко бул пикир келишпестиктерди чечип берүү талабы менен кайрыла алат.

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 67-беренесине ылайык жашы жете элек ата-энелер өз перзенти менен чогуу жашаганга, ага тарбия берүүсүнө катышууга укуктуу. Жашы жете элек жана никеде турбаган ата-энелер перзенттүү болгон учурда жана энелиги же аталыгы аныкталса о.э. алардын курагы он алты жашка толсо өз алдынча ата-энелик укуктарын жүзөгө ашырууга укуктуу болушат. Жашы жете элек ата-энелер он алты жашка толо элек учурда, жашы жете элек ата-энелер менен биргеликте балага тарбия берүү үчүн камкорчу дайындалуусу мүмкүн. Баланын камкорчусу менен жашы жете элек ата-энелердин ортосунда пайда болгон пикир келишпестиктер балдарды жана үй бүлөөнү колдоо бөлүмү тарабынан чечилет. Мындан сырткары, жашы жете элек ата-энелер аталыгын жана энелигин таанууга, жалпы негиздерде талашууга, о.э. алардын он алты жашка толушу менен соттук тартипте аталыкты аныктоону талап кылууга укуктуу болушат.

Жогоруда айтылган ыйгарым укуктардан сырткары, ата-энелер өз укуктарын коргоого укуктуу. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 73-беренесине ылайык ата-энелер балдарын мыйзамсыз түрдө жана соттун чечими жок негизде кармап турган баардык жактардан кайтарып берүүсүн талап кылууга укуктуу. Талаш маселелер пайда болгон учурда, өз укуктарын коргоо максатында ата-энелер сотко кайрылууга укуктуу. Ошол эле мезгилде, ишти карап жаткан сот перзентти ата-энесине кайтарып берүү баланын кызыкчылыктарына каршы келет деген жыйынтыкка келген болсо, анда баланын пикирин эске алуу менен ата-энелердин доо арызын четке кагууга укуктуу. Эгерде перзенттин ата-энеси да, перзентти карап жаткан жак да аны тиешелүү деңгээлде тарбиялоого кудуретсиз экендиги сот тарабынан аныкталса, анда сот баланы камкордук жана көзөмөл кылуу органына өткөрүп берүүгө укуктуу.

Перзенттен бөлөк жашап жаткан ата же эне, аны менен сүйлөшүп турууга, тарбия алуусуна жана билим алуусу боюнча маселелерге аралашууга укуктуу. Эгерде бөлөк жашап жаткан ата же эне перзенттин руханий, адеп-ахлактык жана физикалык өнүгүүсүнө терс таасир тийгизбей жаткан болсо, анда перзент менен бирге жашап жаткан ата же эне, бөлөк жашап жаткан ата же эненин перзент менен сүйлөшүп турууусуна тоскоол болбошу керек. Мындан сырткары, бөлөк жашап жаткан ата же эне перзентинин акыбалы тууралуу тарбия берүүчү, даарылоочу, калкты социалдык жактан коргоо жана башка башка органдардан маалымат алып турууга укуктуу. Ата же эне тарабынан перзенттин ден-соолугуна коркунуч бар экендиги байкалса, анда маалымат берүүлөрдөн баш тартууга болот.

Ата же эненин перзент менен сүйлөшүүсү формалдуу эмес, б.а. кээ бир эпизоддук жолугушуулардын ган мүнөзүндө болбоосу абзел. Бөлөк жашап жаткан ата же эне менен перзенттин ортосунда такайтуруктуу контакт болуусу зарыл. Мындай мамилелер баланын толук кандуу тарбиялануусуна, өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүсү абзел, анткени, ата-эне менен перзенттин баарлашып турууcу – үй-бүлөнүн жашы жете элек да, жашы жеткен мүчөсү үчүн маанилүү керектөөлөрүн толтурууга кызмат кылат.

Ата-энелер, бөлөк жашап жаткан ата же эненин ата-энелик укуктарын жүзөгө ашыруу боюнча аракеттеринин иретин жазуу түрүндө аныктап, келишип

алуусу мүмкүн. Алар макулдашууга жетише алышпаса, анда ортодогу талаш-тартыш маселеси сот тарабынан чечилүүсү мүмкүн.

Бөлөк жашап жаткан ата же эне перзентинин тарбия алуусуна жолугушпай туруп деле аралашуусу зарыл. Кат алышуулар, телефон же Интернет аркылуу сүйлөшүүлөр баланын тарбиясына ыңгайлуу таасир эте алат. Бөлөк жашап жаткан ата же эне баласы үчүн түздөн-түз окуу мекемесин же окуу формасын тандай албайт, бирок, ал окуу мекемесине же формасына тапшырууда зарыл кеп-кеңештерди, жардамдарды бере алат. Чогуу жашап жаткан ата же эне бөлөк жашап жаткан ата же эне менен перзенттин сүйлөшүүсүнө тоскоол боло турган болсо, анда ал бул ата же эненин эле эмес, баланын да укугун бузган болот. Ата-энелер перзент менен сүйлөшүп туруу тартибин макулдаша албаса, анда алардын бирөө талаш-тартыш маселени чечип берүү боюнча сотко кайрыла алат. Мындай доо арызды карап жаткан учурда, сот биринчи кезекте баланын кызыкчылыгын, жаш-курагын, ден-соолугунун абалын, ата же эненин кимисине көнүп калгандыгын, о.э. бөлөк жашап жаткан ата же эне менен болгон сүйлөшүүлөр балага зыян тийгизбөөсүн эске алуусу зарыл.

Мындай категориядагы иштерди соттук териштирүүгө даярдап жаткан учурда, судья, пайда болгон талаш-тартышты чечүү үчүн маанилүү болгон жана далилдөөнү талап кылган жагдайларды аныктайт, ата же эненин, о.э. баланы тарбиялап жаткан башка жактардын жеке сапаттарына өзгөчө көңүл бурат. Ишти соттук териштирүүгө даярдоонун жүрүшүндө, камкордук жана көзөмөл кылуу органына перзент жашап жаткан же бала менен сүйлөшүп турууга даттанган ата же эне жашап жаткан жайды изилдеп чыгууну тапшырат. Камкордук жана көзөмөл кылуу органы иштин бардык материалдары менен кошо тийешелүү акты жана корутундуну сотко тапшырат [3].

Мындай багыттагы иштер үчүн төмөнкүдөй жагдайлар маанилүү:

1. доогер менен перзенттин сүйлөшүүсүнө жоопкер тарабынан чектөө коюлуусу;
2. ата-эненин ар бирине, ага-инилерге, эже-карындаштарга карата баланын ыктоосу;
3. перзенттин жаш-курагы жана ден-соолугунун абалы;
4. ата-эненин адеп-ахлактык жана жеке (алардын билимин ж.б. мүнөздөөчү) сапаттары;
5. ата-энеси менен перзенттин ортосунда буга чейин калыптанган мамиле;
6. баланын тарбия алуусу жана өөрчүүсүнө карата түзүлгөн жагымдуу шарттар (ишмердүүлүктүн теги, ата-энелердин иштөө режими, алардын материалдык жана үй-бүлөлүк абалы ж.б.).

Бул жагдайларды далилдөө милдети сот тарабынан төмөнкүдөй тартипте бөлүштүрүлөт:

1. Доогер тарабынан далидөөнү талап кылуучу маанилүү жагдайлар:

- берки ата же эне (жоопкер) бала менен сүйлөшүүгө чек коюп жатышы;
- перзент ага ыктоосу (привязанность);
- балдарды тарбиялоого жөндөмдүүлүгү;
- доогердин адеп-ахлактык жана жеке сапаттары өспүрүмдөрдү тарбиялоо менен алектенүүгө, алардын руханий тарбия алуусуна, физикалык өөрчүүсүнө зарыл болгон убакытты бөлүүгө мүмкүндүгү бар экендиги;
- доогер менен перзенттин ортосундагы мамиле өтө жакшы экендиги;
- доогер тарабынан баланын жакшы тарбия алуусуна жана өнүгүүсүнө тиешелүү шарттардын түзүлүүсү, жашоо шартынын камсыз болуусу, жетиштүү эмгек маянанын болуусу, дем алыш, майрам күндөрү жана каникулда өзү менен алып кетүүгө доогердин эмгек режими туура келүүсү, о.э. башка үй-бүлөсүнүн бар же жоктугу.

2. Жоопкер тарабынан далилдөөнү талап кылуучу маанилүү жагдайлар:

- баланын ага ыктоосу, жоопкер берки ата же эне менен перзенттин сүйлөшүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп берүүсү;
- баланын ден-соолугун абалы узак убакытка берки ата же энеге берип турууга мүмкүндүк бербөөсү;
- жоопкердин адеп-ахлактык жана жеке сапаттары өспүрүмдөрдү тарбиялоо менен алектенүүгө, алардын руханий тарбия алуусуна, физикалык өөрчүүсүнө зарыл болгон убакытты бөлүүгө мүмкүндүгү бар экендиги;
- жоопкер менен перзенттин ортосундагы мамиле өтө жакшы экендиги;
- бөлөк жашап жаткан ата же эне менен перзенттин сүйлөшүүсү, анын адеп-ахлактык, руханий жана физикалык өөрчүүсүнө терс таасирин тийгизүүсү.

Мындан сырткары, жоопкер өз пикирин негиздеп жаткан башка жагдайларды да, доогер менен баланын сүйлөшүүсүнө мыйзамсыз түрдө тоскоол болуусун да далилдөөсү абзел. Мындай суроо пайда болуусу мүмкүн: «А эмне үчүн мындай маселелерде жоопкердин моралдык сапаттарын изилдөө керек, балдарды ишенип тапшырууга болобу, перзенттин өнүгүүсү үчүн камкордук кылабы, анткени, перзентти жоопкерден тартып алуу маселеси коюлган жок да?» Мындай изилдөөлөр өтө туура экендиги көпчүлүк учурларда аныкталган, себеби, балдар тууралуу талаш-тартыштарды чечүүдө соттор биринчи кезекте жашы жете электердин кызыкчылыгын эске алуусу абзел, жана ишти карап жаткан мезгилде жоопкердин ата-энелик укуктан ажыратууга же чектөөгө негиз болуучу жагдайлар аныкталып калуусу мүмкүн. Доо арызсыз эле, сот өз демилгеси менен бул маселени чече албайт.

Буга катар эле, аталган категориядагы иштерди кароодо камкордук жана көзөмөл кылуу органдарынын сот отурумуна катышуучу милдеттүү. Анткени, бул органдар балдардын укуктары бузулган жагдайларды бат жан өз учурунда реякция жасоосу абзел. Алар сый-урматка татыксыз ата-энелерден балдарды тартып алуу же ата-энелик укуктан ажыратуу жана чектөө боюнча тийешелүү доо арыздары менен сотко кайрылууга укуктуу.

Перзенттин жашоо жайын аныктоо боюнча иштер сыяктуу эле, соттор перзенти менен сүйлөшүү тартибин аныктоо боюнча ишти соттук териштирүүгө даярдоонун жүрүшүндө тараптар үчүн далилдерди келтирүүнүн мөөнөтүн аныктайт. Аталган категориядагы иштердин сот тарабынан каралуусу перзенттин жашоо жайын аныктоо боюнча ишин кароодон эч айырмасы жок. Мындай тектүү иштерди кароодо сот камкордук жана көзөмөл кылуу органдарын аралаштыруусу мүмкүн. Камкордук жана көзөмөл кылуу органдары доогердин арызын канаатандыруу боюнча тийешелүү корутундусун бере алат.

Мындай иштин ар бирин кароодо сот бөлөк жашаган ата же эненин перзенти менен сүйлөшүү тартибин (убактысы, жайы, узактыгы, экинчи ата же эненин, сот аткаруучунун катышуусунун зарылдыгы ж.б.) так аныктап берүүсү абзел. Мунун баары соттун чечиминде көрсөтүлөт.

**Адабияттар:**


1. Алексий П.В., Петров И.В., Кузбагаров А.Н. Семейное право: учеб. для студентов вузов – 4-е изд., перераб. и доп. - М.: ЮНИТИ-ДАНА: Закон и право, 2015. - 335 с.
2. Муратова С.А. Семейное право: учебник для студентов вузов, обучающихся по специальности «Юриспруденция» // 5-е изд., перераб. доп. - М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2012. - 375 с. (Серия «Dura lex, sed lex»).
3. Ивашин Д.И., Кубарь И.И., Желонкин С.С. Семейное право: учебное пособие для студентов вузов, обучающихся по специальности «Юриспруденция». - М.: ЮНИТИ-ДАНА: Закон и право, 2012.
4. Конституция Кыргызской Республики от 27 июня 2010 года №157 (с изменениями и дополнениями 28 декабря 2016 года №218), [Электронный ресурс] http://cbd.minjust.gov.kg/
5. Гражданский кодекс Кыргызской Республики (часть I) от 8 мая 1996 года №15, (с изменениями и дополнениями 2 августа 2017 года №170) [электронный ресурс]. www.toktom.kg.
6. Семейный кодекс Кыргызской Республики от 26 июня 2003 года. (с изменениями и дополнениями 8 июня 2017 года № 100) [электронный ресурс] www.toktom kg.
7. Конвенция о правах ребенка (одобрена Генеральной Ассамблеей ООН 20.11.1989), (вступила в силу для СССР 15.09.1990) // «Сборник международных договоров СССР», выпуск XLVI, 1993.
8. Гражданский брак: алименты, наследование, раздел имущества. / Под редакцией А.Гусева. - Ростов на Дону: Феникс, 2014. - 172 с. - (Консультирует юрист).


**Рецензент: к.ю.н., доцент Кольсариева Н.Ш.**